БЕКИТЕМИН
И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик
университетинин илим
жана инновациялар боюнча
проректору
_________А.К. Чалданбаева
«_14_» _апрель_ 2025ж.

# АКТ

13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинин педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн Курманалиева Рахат Акбалаевнанын «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын «Кесиптик билим берүү» адистигинин (багытынын) окуу процессине киргизүү жана эксперименталдык текшерүү жөнүндө

**1. Ишке киргизүүнүн автору:** Курманалиева Рахат Акбалаевна
**2. Илимий иш-чаранын аталышы:** «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)»
**3. Кыскача аннотация:** Бул илимий изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй:
- заманбап кесиптик билим берүүчү мугалимдин ишмердүүлүгүндө дүйнөлүк адабият предмети аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүнүн объективдүү зарылчылыгы далилденген;
- окуучулардын окуу-тарбия ишинин жана педагогикалык практикасынын натыйжалуулугун жогорулатуучу педагогикалык шарттар аныкталган.
**4. Ишке ашыруунун натыйжасы:** Изилдөөнүн көйгөйлөрү, негизги идеясы, изилдөө ыкмалары жана изилдөө жүргүзүү логикасы изденүүчү тарабынан өз алдынча аныкталган. Педагогикалык эксперимент автор тарабынан жеке жана анын жетекчилиги астында жүргүзүлүп, жыйынтыгы талкууланып, тыянактар чыгарылды. 2021-2024-жылдары уюштурулган пилоттук жана жалпылоочу эксперименттердин жыйынтыгы, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча методикалык сунуштар өз натыйжалуулугун далилдеди. Демек, билим сапатынын деңгээли жогорулап, студенттердин руханий-адептик аң-сезими тереңдеп кесиптик жактан өнүктү.
**5. Ишке ашыруу орду жана убактысы:** Изилдөө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Гуманитардык-педагогикалык колледжинде 2021-2024-жылдары жүргүзүлгөн.

**6. Ишке ашыруу формасы:** 2021-2024-жылдары «Башталгыч класстарга билим берүү» жана «Мектепке чейинки билим берүү» адистиктеринин окутуучулары жана студенттери менен педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө оозеки сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, анкеталарга жооптор, оозеки суроолор жана тесттер алынган. Алардын негизинде талапкер төмөнкүдөй жыйынтыктарды алды.

1. Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде студенттердин-болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теориясынын жана практикасынын абалы изилденди. Колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча иш жеткиликтүү жүргүзүлбөйт, бул боюнча мугалимдердин жана студенттердин, анкеталарынын, интервьюларынын, тесттик суроолорунун натыйжалары тастыктайт.
2. Изилдөөнүн башталышында белгиленген карама-каршылыктардын келип чыгуу себептерин аныктоонун натыйжасында бул процесстин эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана жакшыртуу үчүн усулдук колдонмо, сунуштар даярдалды, Чыгармачылык кейстер, «Заманбап мугалим – анын адеп-ахлак дүйнөсү» аттуу атайын курсу, «Адабиятты санариптик технологиялар менен окутуу» методикалык колдонмосу иштелип чыкты.
3. «Башталгыч класстарга билим берүү» жана «Мектепке чейинки билим берүү» адистиктерине багытталган студенттерди кесиптик жана адеп-ахлактык жактан өнүктүрүү боюнча программалардын негизинде окутууну уюштуруунун технологиялары, каражаттары жана формалары иштелип чыккан.

- Дүйнөлүк адабияттын мисалында студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу алардын кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын жогорулатуунун маанилүү каражаты болуп саналат.

-Окутуу практикасында студенттердин адеп-ахлактык аң-сезими активдешет.

-Студенттердин келечектеги мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышынын жогорку деңгээли бул процесске педагогикалык жетекчиликтин натыйжалуулугунан көз каранды.

Курманалиева Р.А.нын диссертациясынын материалдарынан төмөнкүлөр ишке ашырылды:

1. Студенттердин – болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык модели иштелип чыкты;
2. Дүйнөлүк адабият аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун негизги педагогикалык шарттары аныкталды;
3. «Заманбап мугалим – анын адеп-ахлак дүйнөсү» атайын курсу, «Адабиятты санариптик технологияларды колдонуу менен окутуу» усулдук колдонмосу, жазуучулардын чыгармачылыгынын портфолиосу, Чыгармачыл кейстер, Kahoot, Quizzes тиркемелериндеги тесттик тапшырмалар, моно-спектаклдардын сценарийлери, поэзия кечелери ж.б.
4. Болочок мугалимдерди окутууда жана тарбиялоодо моралдык сапаттарды калыптандыруу процессинин маңызы, мазмуну жана спецификалык өзгөчөлүктөрү изилденген.

Изилдөөнүн натыйжаларын ишке ашырууда төмөнкү оң натыйжа алынды:

- студенттердин сапаттык жана абсолюттук окуу көрсөткүчтөрү жогорулады;

- гуманизм, мекенчилдик, чынчылдык, адилеттүүлүк, боорукердик, улуттук каада-салттарды жана үрп-адаттарды урматтоо, калыстык, жоопкерчилик, башка элдерге достук мамиле жасоо ж.б. ушул сыяктуу адеп-ахлактык баалуулуктар калыптанган;
- орто кесиптик билим берүүнүн шартында адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүү максатында студенттердин кызыкчылыктары, мотивдери жана жөндөмдүүлүгү аныкталган;

Изилдөөнүн натыйжалары Кыргызстандын орто кесиптик билим берүү мекемелеринде мугалимдерин даярдоо практикасында колдонулушу мүмкүн.

**Иштеп чыгуу ишке ашырылган уюмдун өкүлдөрү:**

И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары п.и.к., доценттин м. а.: М. Ж.Толоев

И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары: М.У. Стамбекова

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ